DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2019

*Осекова Т.К.*

# ОКУУЧУЛАРДЫН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДА КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ИШТЕРДИ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН РОЛУ

*Осекова Т.К.*

# РОЛЬ ВНЕКЛАССНОЙ РАБОТЫ В ФОРМИРОВАНИИ КОМПЕТЕНТНОСТИ УЧАЩИХСЯ

*T.K. Osekova*

# THE ROLE OF EXTRACURRICULAR ACTIVITIES IN THE FORMATION OF STUDENT COMPETENCE

*УДК: 51.37*

*Класстан тышкаркы иштер башталгыч класстын окуучулары менен мазмунду жана кызыктуу иш жүргүзүүнүн маанилүү жолдорунун бири. Ал окуучулардын предмет боюнча алган билимдерин тереңдетет жана окуу ишмердүүлүгүн активдештирет. Мында мугалим окуучулардын жекече жөндөмдүүлүгүн максималдуу өнүктүргүдөй деңгээлде өткөрүү үчүн анын мазмунун жана усулун ойлоп табышы керек. Ар тараптуу өнүккөн инсанды калыптандыруунун эң жакшы жыйынтыгына жетүү үчүн сабак менен класстан тышкаркы иштер бири-бири менен тыгыз байланышта болуп, бирин-бири толуктап турушу керек. Класстан тышкаркы иштер окуучулардын мектепте алган билимдерин дагы тереңдетип, кызыгуу менен үйрөнүүгө, чыгармачылык менен өз алдынча иштөөгө мүмкүндүк берет. Макалада класстан тышкаркы иштердин түрлөрүн пландуу жүргүзүү аркылуу окуучулардын билим, билгичтик жана көндүмдөрүн өркүндөтүү, өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү менен компетенттүүлүккө калыптоо жөнүндө айтылат.*

***Негизги сөздөр:** окуучу, жөндөмдүүлүк, класстан тышкаркы иш, компетенттүүлүк, адабий кружок, ишмердүүлүк, окуу конференциясы, тарбия.*

*Внеклассовая деятельность – один из важных способов содержательной и интересной работы с учениками начальных классов. Это углубляет знания учеников, которые они получили о предмете, и активизирует учебную деятельность. В этой статье рассматривается широкая возможность преподавателя замечать личные способности, заинтересованность, мастерство учеников. Для того, чтобы преподаватели проводили внеклассовые мероприятия на таком уровне, чтобы происходило максимальное развитие способности учеников познавать, нужно продумать его содержание и метод. Для достижения наилучшего результата в формировании всесторонне развитого человека, уроки и внеклассовые мероприятия должны быть тесно связаны и дополнять друг друга. Внеклассовая деятельность углубляет полученные в школе знания учеников, дает возможность учиться с интересом и самостоятельно работать с творчеством. В статье рассматривается формирование компетентности учащихся с помощью развития знаний учеников, мудрости и навыков, способностей работать самостоятельно через плановое проведение различных внеклассовых деятельностей.*

***Ключевые слова:** ученик, способность, внеклассовая деятельность, компетентность, литературный кружок, деятельность, учебная конференция, воспитание.*

*Extracurricular activities are one of the important ways of informative and interesting work with primary school students. This article discusses the wide opportunity for the teacher to notice the personal abilities, interest, and skill of the students. In order for teachers to conduct extracurricular activities at such a level as to maximize the development of students' ability to learn, it is necessary to think about its content and method. In order to achieve the best result in the formation of a comprehensively developed person, the lessons and extra-class activities should be closely related and complement each other. Non-classroom activity deepens pupils' knowledge acquired at school, provides an opportunity to study with interest and work independently with creativity. This deepens the students' knowledge, which they received about the subject, and activates learning activities. The article discusses the formation of students' competence through the development of students' knowledge, wisdom and skills, and the ability to work independently through the planned conduct of various extra-class activities.*

***Key words:** student, ability, extracurricular activities, competence, literary circle, activities, training conference, education.*

Бүгүнкү күндөгү окуу жайлардын алдында турган негизги милдеттердин бири-келечектеги адистердин адистик компетенцияларын калыптандыруу. Болочок мугалимдер биздин келечегибиз, анткени коомдун келечеги жаштардын колунда.

Азыр компетенттүүлүккө негизделген билим берүү дүйнөлүк масштабдагы идеология.

Компетенттүүлүк – бул адамдын тиешелүү билимдеринин элементтерин жана иш-аракеттеринин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, турмуш, кесиптик) өз алдынча колдоно алуу жөндөмдүүлүгү [1, 7.] Биз, мугалимдер өтүлө турган сабактарыбызга максат койгондо “окуучулар сабактын жүрүшүндө

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



билимдерге, билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ болушат деп жазып жүрсөк, билим берүүдө жеке эле билимге эмес, компетенттүүлүктү калыптандырууга да басым жасалат.” Компетенттүүлүк ишмердүүлүктүн ар түрдүү тармагында ар кандай мүнөздөмөлөргө ээ болуп келе жатат. Маселен, компетенттүүлүк окулган предметтер аркылуу эле калыптанбастан класстан тышкаркы иштерди жүргүзүү аркылуу да калыптанат.

Класстан тышкаркы иштер-окуудан тышкаркы убакытта окуучулардын билим, билгичтик жана көндүмдөрүн өркүндөтүү жана тереңдетүү, өз алдынчалыгын жана жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү, ошондой эле алардын акыл-эстүү эс алуусун камсыздоо үчүн мектеп тарабынан уюштурулган максаттуу иш-чаралар болуп эсептелет. Мектептердин класстан тышкаркы иштери ар түрдүү формада уюштурулуп, окуучулардын кеңири катмарын камтыйт.

Башталгыч класстарда класстан тышкаркы иштердин мааниси чоң. Окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун өнүктүрүүдө жана бекемдөөдө класстан тышкаркы иштер зор роль ойнойт. Бул педагогикалык илим тарабынан далилденген жана мектеп практикасында текшерилген. Мында мугалим окуучулардын жекече жөндөмдүүлүгүн, кызыгуусун, өзгөчөлүгүн байкоого кеңири мүмкүнчүлүк алат.

Мектептерде класстан тышкаркы иштерди активдештирүүгө 1978-жылы Бүткүл союздук мугалимдердин съездинде чоң көңүл бурулган. Мугалимдерге, эл агартуу кызматкерлерине, ата-энелерге жана коомго кайрылууда мугалимдер, класс жетекчилер, мектептин жана мектептен башка мекемелердин тарбиячылары класстан тышкаркы жана мектептен тышкары иштердин тарбиялык эффективдүүлүгүн жогорулатууга жетишүү, кружокторду жана башка окуучулардын коомдук бирикмелерин түзүүгө аракет кылуулары керек экендиги белгиленген. Мектеп мугалимдеринин алдына класстан тышкаркы иштерди жандантуу, аны жаңы мазмун менен байытуу, өткөрүүнүн кыйла рационалдуу усулун табуу сыяктуу маселелер коюлган.

Класстан тышкаркы иштерди туура уюштуруу окуучулардын көпчүлүк суроолоруна өз алдынча аң - сезимдүү жооп берүү кызыкчылыгын туудурат. Мугалим класстан тышкаркы ишти окуучулардын таанып-билүү жөндөмдүүлүгүн максималдуу өнүктүргүдөй деңгээлде өткөрүү үчүн анын мазмунун жана усулун ойлоп табышы керек.

Ар тараптуу өнүккөн инсанды калыптандыруунун эң жакшы жыйынтыгына жетүү үчүн сабак менен класстан тышкаркы иштер бири-бири менен тыгыз байланышта болуп, бири-бирин толуктап турушу керек.

Класстан тышкаркы иш-башталгыч класстын окуучулары менен мазмундуу жана кызыктуу иш жүргүзүүнүн маанилүү жолдорунун бири. Класстан тышкаркы иштер окуучулардын мектепте алган билимдерин дагы тереңдетип, кызыгуу менен үйрөнүүгө, чыгармачылык менен өз алдынча иштөөгө мүмкүндүк берет [7].

Класстан тышкаркы иштер окуучулардын предмет боюнча алган билимдерин тереңдетет жана кеңейтет, окуу ишмердүүлүгүн активдештирет, программалык материалды окуп үйрөтүүнү сунуш кылат.

Окуучулардын класстан тышкаркы иштерге өз эрки менен, активдүү, катышуусу муну сабактан айырмалайт. Мында окуучулар өздөрү кызыккан ишмерлүүлүктүн түрүн тандап алышат.

Класстан тышкаркы иштерди уюштуруу формаларына төмөнкүлөр кирет:

а) Мектептеги окуучулардын кружокторy (предметтик);

б) Идеялык-массалык иштер (докладдар, аңгемелер, лекциялар, окуу конференциялары, мамлекеттик, улуттук, мектеп майрамдары, жолугушуулар, кечелер);

в) Окуучулар менен жекече иштөө (китеп окуу, техникалык, искусство сабактары) жана башкалар кирет. Булардын баары негизинен ата-энелердин катышуусу менен ишке ашууга тийиш.

Билим берүү тармактарында класстык жана класстан тышкаркы иштерди жакшыртуу менен окуучуларга туруктуу, сапаттуу билим берүүгө чоң маани берилген. Класстан тышкаркы иштердин негизги түрлөрү – кружоктор, китеп окуучулардын конференциялары, адабий кечелер, викториналар, экскурсиялар, жазуучулар менен жолугушуулар жана башкалар. Окуучуларды адабий окуу предметине кызыктырууда, адабий билимдин сапатын жакшыртууда адабий кружокторунун мааниси чоң. [2; 73-75-бб.] Азыркы биз чыгармаларын окуп жаткан акын-жазуучулардын, адабиятчы окумуштуулардын арасынан мектептеги, окуу жайлардагы адабий кружокторго катышпагандарын табуу кыйын.

Окуучулардын билим деңгээлин жогорулатууга, класста өтүлүүчү материалга карата кружоктун ылайыктуу түрүн туура тандап алуунун зор мааниси бар экендигин алдыңкы мугалимдердин тажрыйбасы далилдеп турат. Көркөм окуу кружоктору адабиятты системалуу түрдө үйрөнүүнүн алгачкы баскычында пайдаланууга өтө ылайыктуу. Ал-окуучуларды сөз өнөрүн түшүнүүнүн маданиятына үйрөтүүчү жумуштардын өтө таасирдүүлөрүнүн бири. Кружок өз алдынча окуучуларды көркөм окууга машыктыруу аркылуу, алардын эстетикалык сезиминин маданиятын тарбиялоо максатын коёт.

Колледждин башталгыч класстын педагогикасы жана мамлекеттик тил кафедрасында “Мөл булак”

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



аттуу адабий кружок иштейт. Кружоктун мүчөлөрүнүн арасында адабиятка, көркөм чыгармаларга кызыккан, келечекте акын болом деген тилектери бар, анча-мынча колдоруна калем кармап, ыр саптарын жарата койгондор басымдуулук кылат. Адабий кружок жаш акындардын китептеринин бет ачарын уюштуруп, жолугушууларды өткөрүп, ыр жазганга, чыгарма жаратканга дарамети бар студенттерди алардын кеп-кеңешин угуп, таалим алууга багыттайт.

4-класстын окуучуларына адабий окууну түшүнүүгө үйрөтүүдө көркөм окуу кружогун уюштуруунун мааниси чоң. Бардык кружоктор сыяктуу эле көркөм окуу кружогуна каалаган окуучулар тартылат. Алгач кружоктун иш планы түзүлүп, бекитилет. Окула турган чыгармаларды да мугалим кружоктун мүчөлөрү менен биргелешип тандайт. Кружоктун мүчөлөрүнүн жакшы окуган тексттери өздүк-көркөм чыгармачылык кружогунун программасына сунуш кылынат, адабий кечелерде окулат. Негизинен, көркөм окуу кружокторунун ишинин башкы натыйжасы окуучуларды сөз өнөрүн түшүнүүгө, анын эстетикалык керемет дүйнөсүнө аралаша билүүгө үйрөткөндүгүндө [4, 33-б.]

Мектептерде көптөн бери уюштурулуп келе жаткан кружоктордун бири-драмалык кружоктор. Драмалык кружоктор өздүк-көркөм чыгармачылыктын бир түрү катарында уюштурулуп келген. Азыр жылдан-жылга драмалык кружоктор азайып баратат. Адабияттын башка түрлөрүнө караганда драма мектепте окутууга бир топ татаал түр. Ал көркөм сөздүн кыймыл-аракети, живопись, музыка менен айкалышуу аркылуу гана көрүүчүгө жетет. Драманын тексттин, персонаждарынын ар бир сөзүнүн маанисин түшүнө албагандар сахнадагы кыймыл-аракетине, аткарган кишилердин кебетесине гана көңүл буруп, пьесаны үстүртөн кабыл алууга адаттанып келет. Мектептердеги драмалык куржоктор окуучулардын сөз өнөрүнө чыгармасын түшүнүүгө үйрөтүүнүн максатына багытталган. Окуу жайда “Club: Uoing translaters” аттуу англис тили кружогу иштейт. Кружоктун мүчөлөрү Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына карата Айтматовдун ааламына саякаттап, анын чыгармаларынан англис тилинде сахналаштырылып, жогорку деңгээлде көрсөтө алышты. Кружоктун мүчөлөрү тарабынан окуу конферециялары уюштурулуп, докладдар, аңгемелер окулуп турат. Андан сырткары мамлекеттик, улуттук майрамдар, жолугушуулар, кечелер өткөрүлүп, кайсы акын же жазуучу менен жолукса, ушунун чыгармаларынын тегерегинде терең сөз болуп, кененирээк маалымат алышат.

Адабий кружоктун ишин, маселен жолугушуу өткөрүп жатканда жалаң доклад менен чектеп, окуучулардын кызыгуусун төмөндөтүп жибербес үчүн, анын иш формаларын өзгөртүп туруу зарыл. Кружоктун бул түрүн адабий викторина катары да өткөрүүгө боло тургандыгын тажрыйба көрсөттү. Адабий кружоктун мүчөлөрүнө викторинанын суроолору күн мурунтан берилет да, ага далилдүү жооп даярдап келүү сунуш кылынат. Адабий-теориялык кружоктун айрым кеңешчилерин викторина түрүндө өткөрүү катышуучулардын кружоктун кеңейтип, ойлоосуна үйрөтөт [4; 34-б.].

Класстан тышкаркы иштердин ичинен адабий дубал газетанын билим берүүчү жана тарбиялык маанисин өзгөчө баса белгилейбиз. Окуучулар газета чыгарууга катышып, макала жазганда, өз оюн газетага түшүргөндү үйрөнүшөт.

Класстан тышкаркы окуу деген термин 1886-жылы орустун окумуштуусу В.П. Шереметьев тарабынан сунуш кылынган [8, 51-52-бб.].

XIX кылымдын 2-жарымынан баштап бул термин педагогика илиминде жана практикада окуу сабагынын бир бөлүгү катарында жалпы билим берүүчү мектептерге киргизилген. Аны педагог тарабынан уюштурулган, окуучулардын өз алдынча көркөм, илимий-популярдуу жана башка чыгармаларды окуусу катары кабылдоо зарыл. Класстан тышкаркы окуу программанын мазмундук жактан кеңейүү, тереңдетүү менен гана чектелбестен, окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун, окурмандык ишкердигин арттырып, алардын ар кандай окуу талаптарына жооп берет. Класстан тышкаркы окуу окуучулардын өз алдынча китеп тандоодо алардын кызыкчылыгын, табитин канааттандыруу менен аларды нравалык, эстетикалык, аң сезим жагынан өстүрүү, тарбиялоо каражаты болуп эсептелет. Ошондуктан класстан тышкаркы окууну туура уюштуруу өтө маанилүү жана зарыл. Башталгыч мектептин 2-классынан 4-классына чейинки класстарда милдеттүү жүргүзүлөт [3, 18-19-бб.]

1-класста окуу жылынын 2-жарымында мугалим окуу жана сөз өстүрүү жумуштары менен биргеликте жумасына бир жолу 15-20 мүнөт китеп окуп берет, түшүнгөндөрү боюнча аңгемелешип, китеп менен таанышуу, китепке болгон окурмандык кызыкчылыгын түптөө иштерин жүргүзөт.

Класстан тышкаркы окуу 2-класстан баштап Адабий окуу предмети менен тыгыз байланышта ишке ашырылат. Окуучунун класстан тышкаркы окууда жетишкен ийгиликтери адабий окуу боюнча чейректен баа чыгарууда кошумча эске алынат [3, 21-б.].

Пландуу, кызыктуу жана тарбия берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрү бар класстан тышкаркы окууну уюштуруу иши башталгыч класстарда эне тилин окутууну өркүндөтүүгө коюлган бүгүнкү талапка сөзсүз туура келет. Себеби “балалыкта ар бир күн жаңы ачылыш”. Өз убагында окулган жакшы

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



китеп тагдырды чечип коюусу мүмкүн, өмүр бою алтын казык жылдызы да болуусу ыктымал.

Кыргыз тили боюнча класстан тышкаркы иштер окуучуларга адабий тилде сүйлөөгө, орфографиянын эрежелерин сактап, туура жазууга, кеп, сүйлөө маданиятына үйрөтөт, улууларды урматтап, кичүүлөрдү ызаттоого, эне тилин сүйүп үйрөнүүгө, Ата-Журтун коргоого, ата-бабалардан калган мурасты сактоого тарбиялайт. Педагогикалык ишмердүүлүктө класстан тышкаркы иштерди уюштурууда жана өткөрүүдө жогорку идеалдуулук, максаттуулук, илимийлүүлүк, жөнөкөйдөн татаалга карай принциптери колдонулат. Бул принциптер мугалимдин класстан тышкаркы иш үчүн мазмунду, усулду жана ыкмаларды тандоосун талап кылат. Системалуулук, милдеттүүлүк, перспективдүүлүк класстан тышкаркы иштердин эффективдүүлүгүн жогорулатат [6, 208-б.].

Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн максималдуу өнүктүрүү үчүн алардын курактык жана жекече жөндөмдүүлүгүн эске алуунун мааниси чоң.

Ар бир курактык тайпалар үчүн класстан тышкаркы иштердин мазмуну, формасы жана усулдары бирдей болууга мүмкүн эмес. Класстан-класска көчкөн сайын балдар өзгөрөт, жаңы билимдерди өздөштүрөт, ойлоо жөндөмдүүлүгү өнүгөт, жаңы нерселерди үйрөнөт. Муну класстан тышкаркы иште көңүлгө албай коюуга болбойт. Класстан тышкаркы иштердин мазмуну мугалим окуучуларды кызыктыруудагы колдонгон форма, усул, ыктарга байланыштуу аныкталат. Ар бир класстан тышкаркы иштин ийгилиги аны өткөрүүдөгү усул, ыкмаларына, планына, материалына, окуучулардын активдүү катышуусуна байланыштуу болот [9].

Класстан тышкаркы иштер мектептин окуу-тарбиялык маселелерине баш ийет жана өсүп келе жаткан муунду тарбиялоонун жана окутуунун эң мыкты каражаттарынан болуп саналат. Окуучулардын сабактан тышкаркы убактысын уюштурууга жана өткөрүүгө жардам берүү менен бирге алардын жүрүш-турушуна да чоң таасирин тийгизет. Утренниктер, майрамдык кечелер, экскурсиялар, даталуу күндөрдү белгилөө сыяктуу класстан тышкаркы иштерде окуучулар чогуу иштешет, коюлган максатка жетүүдөгү кыйынчылыктарды бирге жеңишет.

Мисалы: “Алиппе менен коштошуу” боюнча өткөрүлө турган майрамдарга даярдануу окуучулардын көп бөлүгүн камтыйт. Ар бир окуучу же тайпа иштин кандайдыр бир бөлүгүнө жооп берет. Алардын өткөргөн ишинин ийгилиги ар биринин жалпы ишке кошкон салымынан көз каранды болот.

Натыйжада класстан тышкаркы иш чаралар пландуу жана системалуу өткөрүлсө, анда окуучуларда төмөнкү компетенттүүлүктөр калыптанат:

1. Класстан тышкаркы учурда окуган китептерине, чыгармаларына адабий мазмундук талдоо жүргүзө алуу;
2. Окуу конференцияларына катышуу, окуган докладдарынын, чыгармаларнын негизинде сценкаларды түзүү, сабактын практикалык жагын көтөрүү;
3. Өз алдынча адабий чыгарма жаратууга аракеттенүү;
4. Окуучулардын билим, билгичтик жана көндүмдөрүн өстүрүү;
5. Өз алдынчалыгын жана ой жүгүртүүсүн, сүйлөө ишмердүүлүгүн жана түрдүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;
6. Класстан тышкаркы иштердин түрдүү формаларын жүргүзүү аркылуу сабакка болгон кызыгуусун өркүндөтүү;
7. Класстан тышкаркы иштерди жүргүзүү аркылуу тарбия иштерин татыктуу жүргүзүү, компетенттүү окуучуну даярдоо.

Ошентип, класстан тышкаркы иштер берилген ишке жоопкерчилик менен мамиле кылууга, принципиалдуу талаптуулукка, өз ара жардамдашууга тарбиялоого кеңири мүмкүндүк берет. Тарбиялык жана билим берүү маселелерин чечүүгө багытталган класстан тышкаркы иштер балдардын ар тараптуу өнүгүшүн камсыз кылат.

**Адабияттар:**


1. Абдухамидова Б., Токтомаметов А., Баимбетова Н. Башталгыч класстардагы кыргыз тил жана окуу боюнча предметтик стандарт. - Б., 2015.
2. Акматов К., Абдыманап к А. Класс жетекчинин китеби - Б., 2017.
3. Башталгыч класстардын программасы. - Б., 2016.
4. Козуева А. Сабак берүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу. - Ф., 1979.
5. Осекова Т.К. Башталгыч класстарда кыргыз тилинен класстан тышкаркы иштерди уюштуруу // Известия ОшТУ, №1. – 2018.
6. Чуракова Р.Г. Организация внеурочной деятельности в начальной школе https: //www.menobr.ru “Рубрикатор” Организуем внеурочную деятельность Шереметьев В.П. Соч. 1997.
7. Ярошевская И.Х. Новые формы и методы работы с детьми во внеурочное время // Допольнительное образование и воспитание, №9. - 2012.


**Рецензент: к.пед.н., доцент Даминова И.Д.**